№7 ЖОББМ Бишкек шаары

# Үйрөтүүчү семинар:

Семинардын темасы: “Заманбап окутуунун технологиялары”

Даярдаган: Жумабекова Нуржан Дүйшөналиевна

“.

# Омур бою окуган мугалим гана окутуу укугуна ээ боло алат” В.М.Лузинский

Бүгүнкү семинарда өз сабагын мыкты билген, педагогиканы чаккан, сабаттуу, сапаттуу,

инновацияны кабыл алган,мезгилден артта калбай күндө окуучуга мыкты сабак берем бүгүн  деп  умтулган , окуучулардын билим сапатын  заманбап ыкмаларды колдонуу менен  жеткирүүгө шашылган мугалимдер чогулуп отурасыздар

# Семинардын максаты:

- Мугалимдер окутуунун заманбап ыкмалары жөнүндө кеңири маалымат алышат жана үйрөнүшөт.
- Аларды сабакта окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн колдонушат.

# Семинардын планы

- 1.Жагымдуу маанай түзүү.
- 2. БББ таблицасы
- Топторго бөлүү.
- Кириш сөз.Доклад.Окутуунун универсалдуу долбоору жана диференциялдык окутуу.
- Диференциялдык окутуунун стратегиялары боюнча топто иштөө
- Топтун иштерин презентациялоо
- Семинарды жыйынтыктоо

Кандай гана озгоруулор болгонуна карабастан сабактын катышуучулары – бул окуучу жана мугалим.



.. Мугалим мыкты сабактарды өтүп, окуучуларды билим кемесинде алга суройт. Компьютеризациябы, дистанциялык окутуубу, мугалим сабактагы негизги ролду ойнойт. Бирок, мугалимдин алдында кайсы гана учурда болбосун ар кандай озгоруп турган, эмнени куторунду билбеген жандуу окуучулар кутуп турат. Ар бир сабакта коптогон милдеттерди чечүүгө туура келет.

Бүгүнкү ааламдашуу доорунда замандын талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарыл.б.а.адамдарды коомчулуктагы тез өзгөргөн ,карама-каршылыгы көп дүйнөгө жашаганга даярдоо,айланадагы өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу жана жооп берүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. Билим берүү укуктары менен мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилиши керек ж.о.э. келечекте натыйжалуу иштей ала турган,көйгөйлөрдү чече ала турган, биргелешип башка адамдар менен иштей ала турган жаратылыш менен тынчтыкта гармонияда жашай ала турган керектүү адам ресурстарын камсыз кылышыбыз керек.

Анткени мугалимдерден билим алабыз деп миндеген окуучу кутуп турат, бул биздин коомдун социалдык заказы. Ата – энелер, окуучулар куткон заманбап билим беруу учун бизге эн мыкты мугалимдер зарыл, себеби окуучу 11 жыл ичинде 10000ге жакын сабакка катышат, ошол 11 жыл ичинде алганибилимин озунун турмушунда колдоно алуусу керек.Алган билими жугумдуу болушу болушу учун мугалимдер сабактарды эн кызыктуу, эсте каларлык өтүү талабын коюудабыз.

:

Азыркы учурда республикабыздагы билим берүү иштери предметтин чегинен чыкпаган академиялык мүнөздө болууда.
Окуучуга да, мугалимге да сабак жанычыл болгондо гана кызыктуу болот.
Заманбап сабак – бул откон менен байланышкан, ошону менен бирге жаны, актуалдуу сабак. Актуалдуу – бул латын созунон алынганда – иштиктуу - ошол мезгилге маанилуу дегенди тушундурот, о.э. бугунку жашап жаткан адамдын кызыгуусуна байланыштуу заманбап, келечекке негиз салат.

Тактап айтканда:

1.Балдар маалымат менен иштөөнү билишпейт.

2.Маселени чечүүдө окшош аракеттерди гана жасашат.

3. Гипотеза ойлоп табууга,аларды текшерүүгө көнүшпөгөн.

4. Өз алдынча чыгармачылык менен талдоо жүргүзө алышпайт.

5. Ар кыл кырдаалдарды аңдап билүүгө, анын себеп-натыйжаларын түшүнүүгө көнүгүшпөгөн

6.Чыгармачылык өз алдынча демилгелүүлүк жок

Биз окуучуларды дүйнөнүн талаптарына ылайык турмушка даярдагыбыз келсе

Кандай гана чөйрө болбосун ыңгайлаша алууга үйрөткүбуз келсе

Турмуштук кырдаалдарга даярдагыбыз келсе

Таанып билүү ишмердүүлүгүн өнүктүргүбүз келсе

# Эмнеден баштоо керек

1-ден , Азыркы мектептеги билим берүү иши турмуштан алыстап,теориялашып кеткендиктен, аны чыныгы турмушка жакындатуу;

2-ден , Теорияга негизделген окутуу ишинин нугун практикалык мүнөзгө буруу;

3-дөн, Окуучу мектептен алган билимин жашоосунда пайдалан алгандай деңгээлге жеткирүү үчүн окутууну баланын турмушуна жакындатуу;

4-дөн, Коомдук-социалдык жана турмуштук кырдаалдардан бала кыйналбай чыгып кетүүсүнө ылайыктоо аркылуу окутуу ишин жүргүзүү;

5-ден , Мектеп бүтүрүүчүлөрүн өзүнүн чөйрөсүндө коммуникациянын көп жактуу татаал ыкмаларын үйрөтүү жана аны пайдалануусуна өбөлгөлөрдү түзүү;

6-дан, Окутуунун максаттарын туура коюу менен анын натыйжалуулугуна жетишүү

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо-** бул бардык окуучулар үчүн ар түрдүүлүктү эске алуу менен, окутуу шарттарын

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо-** бул бардык окуучулар үчүн ар түрдүүлүктү эске алуу менен, окутуу шарттарын түзүү

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо**

- Эмнеге окутуу?
- Кантип окутуу жана баалоо?
- Окуганга кантип шыктандырабыз?

# 1-принцип.Эмнеге окутабыз?


- Маалыматты  кабыл алуунун жана билимди калыптандыруунун ар кандай  жолдору менен камсыз кылуу үчүн окуучуларга    окуу материялын  сунуштоонун  бир нече түрлөрүн кароо керек.






# Экинчи принцип.Кантип окутуп , баалоо керек?

- Окуучуларга окутуудагы натыйжаларын жана жетишпегендиктерин көрсөтүү үчүн ар кандай жолдор жана формаларга мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо



# 3-принцип.Кантип шыктандырабыз?

- Окуучулардын кызыгуусун арттыруунун , шыктанууну жогорулатуунун ар түрдүү жолдору
- М:Класстагы талкуулоо учурунда, бардык окуучуларды тартуу, аларды тартуу,алардын жашоосуна тиешелүү болгон тапшырмаларды тандоого,жаңы көндүмдү оюн түрүндө практикалоого,орундарын алмаштырууга мүмкүнчүлүк берүү

**жашылча, жансыз буюм болушу мүмкүн).**

**2.Каарманды сүрөттөгөн эки сөз (сырткы келбети, курагы, мүнөзүнүн сапаты, сапаттар).**

**3.Аракеттенген ордун сүрөттөгөн үч сөз (өлкө, жер, коомдук жерлер ж.б.)**

**4. Окуянын көйгөйүн сүрөттөгөн төрт сөз (акча, адашуу, жолугушуу, сүйүү…).**

**5.Биринчи окуяны сүрөттөгөн беш сөз (окуядагы көйгөйдүн себеби болуп эмне болду?).**

**6.Экинчи окуяны сүрөттөгөн алты сөз (сюжеттин жүрүшүндө каарман жана анын айланасындагы адамдар менен кандай окуялар болуп өтөт).**

**7. Үчүнчү окуяны сүрөттөгөн жети сөз (көйгөйдү чечүү үчүн эмне жасалды).**

**8.Көйгөйдүн чечилишин сүрөттөгөн сегиз сөз.**


1
2
3
4

# Пирамида окуясы

- 
- **Коля**
  **кичинекей,тентек**
  **Үйдүн жуунуучу бөлмөсүндө**
  **Жуунуучу бөлмөдөгү түтүк бузулду**
  **Крандагы суу атылып,бөлмөнү каптады**
  **Коля түтүктү ондоп жатканда суу болду**
  **Колуна швабраны, тряпканы алып бөлмөнү кургатып баштады**
  **Апасы Колянын өзү жалгыз көйгөйдү чечкенине ыраазы болду**

# Жыйынтыктап айтканда

- Демек, биз окуучунун муктаждыгын билип, баланы шыктандырып,колдоо көрсөтүп алдыга умтулуусуна түрткү берүү керекпиз. Ал үчүн сабакта ар түрдүү деңгээлдеги балдарды эске алуу менен окутуунун технологияларын туура колдонушубуз зарыл.